# КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫНЫН КАБАРЛАРЫ

# ИЗВЕСТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ АКАДЕМИИ ОБРАЗОВАНИЯ

КОПИ РНА
Ученый секр

ISSN 1026-9045

# ПЕДАГОГИКА ЖАНА ПСИХОЛОГИЯ
# ПЕДАГОГИКА И ПСИХОЛОГИЯ
# PEDAGOGY AND PSYCHOLOGY

*Байтокова Айнура Сыйлашовна*
*Ж. Баласагын атындагы КУУнун*
*педагогикалык колледжинин окутуучусу*

## Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАР ЖАНА АЛАРДЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК АСПЕКТИСИ

*Байтокова Айнура Сыйлашовна*
*Преподаватель колледжа*
*КНУим. Ж. Баласагына*

## ОБЩИЕ ЧЕЛОВЕЧЕСКИЕ ЦЕННОСТИ И ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ Ч. АЙТМАТОВА

*BaitokovaAihuraSyylashovna*
*Lecturer at the Pedagogical College of the*
*Kyrgyz National University named after Zhusup Balasagyn*

## PEDAGOGICAL ASPECTOF UNIVERSAL HUMAN VALUES IN THE CHYNGYZ AITMATOV'S LITERATURE.

***Аннотация**: Макала учурдагы актуалдуу проблемалардын бири болгон жаш муундарды тарбиялоодогу баалуулуктардын орду жөнүндө маселени козгойт. Окуу – тарбия процессинде баалуулуктарды таанытуу максатында шарттуу түрдө алардын классификациясы көрсөтүлгөн. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды жана алардын педагогикалык аспектилерин камтыйт.*

***Аннотация**: В статье затронута одна из актуальных проблем современности – роль общечеловеческих ценностей в воспитания молодежи. Условная классификация ценнностей в учебно-воспитательном процессе представлена в ознакомительных целях. Статья рассматривает общие человеческие ценности в произведениях Чингиза Айтматова в педагогическом аспекте.*

***Abstract:** The article touches upon one of the pressing issues of today -- the role of human values in the education of youth. For informational purposes the conditional classification of values in the educational process is shown. This paper examines human values in the works of Chingiz Aitmatov from the pedagogical aspect.*

***Негизги түшүнүктөр:**баалуулуктар, гумандуулук, адеп-ахлак, руханий баалуулуктар, этикалык принциптер, дүйнөлүк ааламдашуу, ойчул, даанышман, педагогикалык аспект. ж.б.*

***Ключевые слова:** ценности, гуманность, мыслитель, мудрый, нравственно-этические принципы, духовные ценности, глобализация, педагогический аспект.*

***Key words**: values, humanity, wise, moral and ethical principles, spiritual values, globalization, pedagogy.*

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары үчүн үчүнчү муундагы билим берүү стандарты кесиптик билим берүүнүн алдына билим берүүнү жаңылоо маселелесин койду. Андагы жаңылануулардын катарында билим,

билгичтикке, көндүмгө ээ кылуу менен бирге инсандык жеке сапаттарды дагы калыптандырууга көңүл бөлүнгөн. Ал эми инсандагы жеке сапаттардын ичинде жалпы адамзаттык баалуулуктар өзгөчө орунду ээлейт. Кайсы доор болсо дагы, анда жашап жаткан жаш муундарды жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде тарбиялоо чоң мааниге ээ. Себеби баалуулуктар адамдардын бири-бири менен болгон мамилесине таасирин тийгизип, турмушта эмнени жакшы , эмнени жаман дейбиз деген суроолор менен коштолуп жаш муундарды тарбиялоодо өз салымын кошот. Демек, жалпы адамзаттык баалуулуктар жаш муундарды тарбиялоодогу жана калыптандыруудагы негизги фундамент катары кызмат кылат. Баалуулуктар өз ичине адеп – ахлакты, адилеттүүлүктү, чынчылдыкты, адам өмүрүн, ден – соолукту баалоону ж.б. камтыйт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй баалуулуктарды, турмуштук, руханий, адеп-ахлактык, материалдык, кесиптик деп шарттуу түрдө топторго бөлүштүрүүгө болот:

- Турмуштук баалуулуктар өз ичине: тынчтык, үй - бүлө, ден - соолук, достук, бирөөгө пайдасын тийгизип жашоо. ж.б.
- Руханий баалуулуктар: ыймандуулук, боорукердик, гумандуулук, уят, диний ишеним менен жашоо, эркиндик. ж.б.
- Адеп-ахлак баалуулуктары: Каада-салтты сактап жашоо, адамдар арасындагы адеп-ахлак, эмгектенүү, адилеттүүлүк, патриоттуулук. ж.б.
- Материалдык баалуулуктар: экономикалык абал, жашоо деңгээли, мүлккө карата мамиле ж.б.
- Кесиптик баалуулуктар: билимге ээ болуу, кесиптик чеберчилик ж.б. кирет.

Азыркы учур жаш муундарды тарбиялоодо мурдагы доорлорго караганда жалпы адамзаттык баалуулуктарга басым жасоого кыйла зарылдыгын көрсөтүүдө. Себеби коомдук өнүгүүнүн бир баскычынан башка бир баскычка өтүү ар дайым жалпы адамзаттык баалуулуктарды аныктоо талабын коёт.

Эгерде мектеп тарбиясы жөнүндө айта турган болсок, тилекке каршы изилдөөлөр көсөткөндөй, интернет булактары жана өлкөдөгү жаңы экономикалык мамилелердин таасири астында өспүрүмдөрдүн гана эмес, башталгыч класстардагы балдардын дагы кулк мүнөзү өзгөрүүдө. Учурдагы мектептерде айрым учурларда кенже класстын окуучуларынын арасында өзүмчүлдүк, катаалдык, оройлук сапаттар байкалууда. Андыктан бала мектепке келгенден баштап аны жазууга, окууга гана үйрөтпөстөн алардын жан дүйнөсүндө баалуулуктарды калыптандыруу башкы маселелерден болуп калууда.

Коом өзгөргөн сайын баалуулуктар өзгөрүүдө жана айрым баалуулуктар маанилүүлүгүнө карабай жыл өткөн сайын төмөндөөдө. Жогорудагы баалуулуктардын ичинен ата мекенге болгон сүйүү, же болбосо патриоттуулук баалуулугу акыркы жылдары төмөндөөдө. Буга далил катары, изилдөөлөргө таянсак: Совет заманында кыргыз жаштарын мектептен биринчи кезекте мекенди сүйүүгө, ал үчүн канын жанын берүүгө тарбиялашкан. 70-жылдары жаштардын арасында жүргөн сурамжылоодо 80% эң башкы баалуулук Ата мекенди сүйүү деп жооп беришкен экен. Кыргызстан эгемен болгондон кийин 2000-жылы сурамжыланган кыргыз жаштарынын 28% гана Ата мекенди сүйүүнү баалуулук дешкен. Ал эми 2012-жылы билим берүү министрлиги сурамжылоо жүргүзгөндө сурамжылоого алынган 1400 жаштардын 8,3% гана өзүнүн мамлекетин сүйөрүн айткан.[6]

Жалпы адамзаттык баалуулуктардын түшүп кетишинен улам жаш муундарды тарбиялоодо учурдагы илимий педагогиканын жетишкендиктерин эсепке алуу менен улуу жазуучулардын калеминен жаралган чыгармаларга көбүрөөк таянуу зарылдыгы келип чыгат. Жалпы адамзаттык баалуулуктарды өз чыгармаларында кеңири жана даана чагылдырган калемгерлердин көч башында кыргыз элинин улуу жазуучусу Ч. Айтматов турат. Дүйнөлүк деңгээлдеги заманыбыздын залкар жазуучусу, улуу ойчул Ч. Айтматов чыгармаларында жалпы адамзаттык баалуулуктарга терең маани берүү тек гана өз өлкөсүн коргоо маселелери

менен бүтүндөй планетаны сактап калуу деңгээлине чейинки көйгөйлүү маселелерди чагылдырган. Улуу даанышман жана ойчул катары Ч. Айтматов адам баласынын ааламдагы ордуна саресеп салуу менен турмуштук, адеп-ахлактык, руханий баалуулуктардын адамдын турмушундагы ордуна өзгөчө маани берип терен сүрөткердик менен белгилеген.

Учурда Кыргызстанда эле эмес, бүткүл дүйнөнүн мектептеринде Ч. Айтматовдун чыгармалары окутулат. Ч. Айтматовдун чыгармаларынын дүйнөлүк деңгээлдеги окуу прогаммасына киргизилишинин сыры эмнеде дегенде, анын чыгармаларындагы жалпы адамзатты ойлондурган, адамдын ички дүйнөсүнө бүлүк салган, "канткенде адам уулу адам болот" деген суроону койгон. Мунун өзү анын чыгармаларын логикалык жагынан бай, жаш муундарга сабак боло турган чыгармалар экендигин билдирет. Ч. Айтматовдун повесттеринде жана романдарында каармандардын образы аркылуу ар бир жаш муундун, дегеле жалпы адмзаттын жүрөгүндө уят, намыс, адамгерчилик, улууну сыйлоо, ыймандуулук, жаратылышка аяр мамиле кылуу, патриоттуулук сыяктуу баалуулуктарды ойготот деп айтууга болот. Улуу ойчул гумандуулук жөнүндө: "Эгер ымансыздыктын жана айбанчылыктын кыйраткыч күчү алдында гуманизм духун бийик көтөрүүгө жана сактап калууга кудурет жетсе - адам ушул учурда гана өзүнүн адамдык наркын актаган болот. Бул бирден бир жол башка жолдун болушу түк мүмкүн эмес", - деген пикирди айткан. [1,156-б]

Кеменгер жазуучу, улуу ойчул Ч. Айтматов белгилегендей, адам кыйраткыч күчтөрдү жеңе билип, ар дайым адамкерчиликти сактоого тырышып жашаса жаш муундар үчүн үлгү болмок. Адамдардын жүрөгүнөн боорукердик менен ыйман орун алса, жан дүйнөсүндө адилдик менен патриоттук сезимдер жашаса, башкаларды ирээнжиткен терс сапаттардан алыс болсо адам адамдык наркты актаган болор эле. Анын чыгармаларында гумандуулук адамкерчилик түшүнүгү менен үндөшүп турат. Кайра жаралуу доорунан бери эле адамдын адамдыгын сыйлоо, балдарды тарбиялоодогу гумандуу педагогика жөнүндө пикирлер айтылып келет. Тилекке каршы гумандуулук, адамкерчилик сыяктуу баалуулуктар таалим - тарбия процессинде өз ордун таппай келет.

Биз жогоруда сөз кылган гумандуулук жөнүндө белгилүү филолог – Айтматовду изилдөөчү А. Акматалиев: "Гуманизм абстракттуу жоромол эмес, ал - конкреттүү көрүнүш. Демек, эркиндик, тендик идеяларын, адамдардын ортосундагы адамгерчилик мамилени турмушка ашырууга болот. Адамдар жетесинде бирдей болуп жаралган соң, бардык нерселерге бирдей жоопту. Бирок жооп кеч боло электе, адамзат акылга келип, ар бир адамдын нравалык жактан өркүндөшү жана гүлдөшү үчүн шарт түзүп берүү керек", - деп жазат.[2, 63-б]

Ар бир адамдын адеп - ахлак жактан өркүндөшү жана гүлдөшү үчүн кандай шарттар керек деген суроо туулат. Бул суроого жооп берүүдө түмөндүү ойлорго барып такаларың бышык. Бул суроого жооп издөө максатында Ч. Айтматовдун чыгармаларына кайрылсак, адамды адам кылган-эмгек, адамды адам кылган - адабият, адамды адам кылган анын нарк-насили, адамды адам кылган – тарбия, элдик каада – салттар экендигин көрүүгө болот.

Педагогикалык жактан алып караганда гумандуулуктун маңызы болуп тарбиялануучунун инсандык жекече мүмкүнчүлүктөрүн сыйлоо, алар менен эсептешүү, анын табигый мүмкүнчүлүктөрүнүн ачылышына жана өсүп-өнүгүшүнө шарт түзүү, жардамдашуу дегенди билдирет. [3, 31-б]

Жалпы адамзаттык баалуулуктардын бири болгон адамкерчилик сапаттарын жаш муундарыбызда тарбиялай албасак, адамдар чыныгы руханий кризиске учурообуз мүмкүн.

Жазуучу чыгармаларында балдардын ой-тилегин, кыялдарын, инсандык өзгөчөлүгүн чебер сүрөттөө менен анын кайталангыс инсандыгын ачыктайт. Ак кеме повестиндеги баланын образын алсак, дал ушул курактагы балдар бир нерсени өтө сезимталдык менен кабыл алуусун көрүүгө болот. Баланын кайталангыс тазалыгы, улуу

тараптан тарбиялоо идеяларын жана ички дүйнөсүн байытууну көздөгөнү менен өзгөчө орунда турат. Андыктан Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу жаш муундарды жалпы адамзаттык баалуулуктарга калыптандыруунун маанисин педагогикалык көз - караш менен карай турган болсок, жазуучунун ар бир чыгармасы жаш муундар жана дегеле жалпы адамзат үчүн табылгыс күл азык экендигин белгилөөгө болот.


1. Ч. Айтматов. Дүйнө бизди жаңыртат, биз дүйнөнү жаңыртабыз. //Фрунзе "Кыргызстан" 1988.
2. А. А. Акматалиев. Айтматовко таасирленүү. //Фрунзе "Мектеп" 1988.
3. Н. А. Асипова. Окуучу жаштарды тарбиялоо жана билим берүүнүн актуалдуу маселелери. //Б.: КТУ "Манас", 2016.
4. И. Бекбоев. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. //Бишкек "Бийиктик" 2011.
5. А. Алимбеков. Айтматовдун мугалимдери - асылдыктын өрнөктөрү. //Заман. Кыргызстан № 13. 2009.
6. И.Болжурова. Бүгүнкү жаштардын баалуулуктары жана эртеңки өлкөнүн келечеги //Диалог Евразия:ст.по матер.круг.стол. http://kyrgyztoday.org/news_ky/b-g-nk-zhashtardyn-baaluuluktary-zhan/


***Рецензент: п.и.д., профессор Рысбаев С.К.***

КОПИЯ ВЕРНА

Ученый секретарь